**Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын “БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН КЫРГЫЗЧА КЕБИН ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАР АРКЫЛУУ ӨСТҮРҮҮ (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)”** адистигине ылайык 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) щифрына жараша педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнө илимий жетекчиси филология илимдеринин кандидаты, доцент А.Т.Алымованын

**ПИКИРИ**

Аталган диссертациялык иштин темасы актуалдуу, анткени учурда кыргыз тилин мамлекеттик тил катары үйрөтүүдө дидактикалык оюндарды сабактарда колдонуунун мааниси чоң. Анткени, балдар оюнга жакын, оюн алардын психологиясына, турмушуна жакын, табитине туура келген оюндар гана алардын окуу ишмердигин өстүрүүгө чоң пайда алып келери шексиз. Ошентсе дагы, бул багытта атайын илимий-изилдөөлөр жүргүзүлө элек, диссертациялык деңгээлде алгач ирет иштелип отурат. Мугалимдер үчүн да атайын илимий-методикалык эмгектер жок. Андыктан, диссертациялык бул изилдөө абдан керек.

Изилдөө киришүүдөн, үч главадан жана тогуз параграфтан турат. Киришүү бөлүгүндө илимий - изилдөөнүн аппараты орун алган да, бул илимий -изилдөөнүн актуалдуулугу, максат-милдеттери, жаңылыктары менен практикалык баалуулуктары ж.б. ачыкталган. Изилдөөнүн этаптары менен коргоого сунуш кылынган жоболору берилген.

Биринчи глава “Башталгыч мектеп курагындагы окуучулардын оюн ишмердүүлүгүнүн психологиялык –педагогикалык өзгөчөлүктөрү” деп аталат да, үч параграфтан турат. Тактап айтканда, анда, а дегенде, психология жана педагогика илимдериндеги оюн түшүнүгү жана анын дидактикалык ролу менен мааниси тууралуу сөз болгон да, андан ары башталгыч мектеп

окуучуларынын оюн ишмердүүлүгүнүн психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү тууралуу кенен берилген. Ошону менен бирге, ушул эле главада дидактикалык оюндар аркылуу кыргызча кепти өстүрүүнүн лингвистикалык негиздери тууралуу да сөз болуп, окуучулардын оюн ишмердигин өстүрүүдө сөз каражаттарынын жана грамматикалык формалардын кептеги ролун мисалдар менен баса айткан.

Ал эми, изилдөөнүн экинчи главасында темага жараша жүргүзүлгөн педагогикалык эксперимент, анын методологиясы, методдору жана изилдөөнүн материалдары, андан сөн, эксперименттин жүрүшү менен жыйынтыктары берилген.

Эксперименттери ынанымдуу жана жыйынтыктуу баяндалган. Анткени, анда эксперименттик материалдар, эксперимент өткөрүлгөн мектептер, катышкан мугалимдер менен башталгыч класстардын окуучулары, окуучулардын өздөштүрүү пайыздары ачык айтылган. Баалар критерийлер менен коюлган.

Изилдөөнүн негизги главасы үчүнчү глава болуп саналат. Ал "Дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын кыргызча кебин өстүрүү" деп аталуу менен, үч параграфка бөлүнгөн. Аларда, а дегенде, дидактикалык оюндардын классификацияланышы, алардын мүнөздөмөсү кенен иликтенген. Оюндардын түрлөрү кенен чечмеленген. Андан соң, кыргыз тилин үйрөтүүдөгү дидактикалык оюндардын мааниси жана аны максаттуу колдонуу тууралуу сөз болуу менен, оюнду уюштуруу жолдору, бир сабакта канча оюн колдонулат, оюн сабактын кайсы учурунда, кандай максатта өткөрүлөрү тууралуу ынанымдуу ойлор сунушталган.

Иштин жыйынтыктоочу бөлүгү – бул, "Дидактикалык оюндар аркылуу кыргызча кепти өстүрүү усулдук ыкмалары" деп аталып, үчүнчү параграфта берилген. Анда түрдүү ыкмалар, методдор тууралуу кенен сөз болгон.

Изилдөөнүн ар бир бөлүгү өз-өзүнчө корутундулар менен жыйыктыкталып отурган. Аягында жалпы корутунду чыгарылган жана изилдөөнүн жыйынтыктарынан улам келип чыккан методикалык сунуштар

берилген.

Соңунда колдонулган адабияттардын тизмеси сунушталып, андан соң тиркемелерге орун берилген.

Изилдөө өз алдынча аткарылган, темага жараша жүргүзүлгөн, актуалдуу илимий-методикалык проблеманы козгогон, максаттуу аткарылган иш болуп саналат.

Диссертацияны коргоого сунуштоого болот.

Илимий жетекчи: А.Алымова, п.и.к, доцент

А. Алымованын колун тастыктаймын
КБнун башчысы [illegible] В.А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ